| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНЕ КАРАШТУУ УЛУТТУК АТТЕСТАЦИЯЛЫК КОМИССИЯ | НАЦИОНАЛЬНАЯ АТТЕСТАЦИОННАЯ КОМИССИЯ ПРИ ПРЕЗИДЕНТЕ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ |
|---|---|

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

11-декабрь 2023-ж. № 53 Бишкек ш.

**Ош мамлекеттик университети жана Б. Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек эл аралык университетине караштуу К 08.22.656 диссертациялык кеңешти бекитүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу УАКтын 2022-жылдын 7-октябрындагы № 60 буйругуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 2-сентябрындагы Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссия жөнүндө ПЖ № 377 Жарлыгы менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссия жөнүндө жобону, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-январындагы Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын маселелери жөнүндө ПЖ № 12 Жарлыгы менен бекитилген Диссертациялык кенеш жөнүндө жобону жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын президиумунун 2023-жылдын 30-ноябрындагы № 459 токтомунун (9д/к-4/16 протоколу) негизинде **буйрук кылам**:

1. К 08.22.656 диссертациялык кеңешинин курамынан 08.00.12 – бухгалтердик эсеп жана статистика (авторефераты боюнча) адистиги боюнча диссертациялык кеңештин мүчөсү э.и.д., проф. Ержанова Алма Мухтаровна өз каалоосу менен арыз жазгандыгына байланыштуу диссертациялык кеңештин курамынан чыгарылсын.
2. К 08.22.656 диссертациялык кеңешинин курамына 08.00.12 – бухгалтердик эсеп жана статистика (авторефераты боюнча) адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертацияларды кароо укугу менен К.Ш. Токтомаматов атындагы Эл аралык университетинин “Бухгалтердик эсеп жана аудит” кафедрасынын профессору э.и.д., проф. Маткеримова Анаркан Маткасымовна киргизилсин.

**Төрага** **Б. К. Тыналиева**